*УДК: 811.512.1*

***Б.Усмамбетов**, ф.и.к., доцент, БГУ*

# МАХМУД КАШГАРИНИН «ДИВАНУ ЛУГАТ АТ-ТҮРК» ЭМГЕГИНДЕГИ АЙРЫМ КӨӨНӨРГӨН СӨЗДӨРГӨ ЭТИМОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗ

# ЭТИМОЛОГИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ НЕКОТОРЫЕ АРХАИЗМОВ В ТРУДЕ МУХМУД КАШГАРИ «ДИВАНУ ЛУГАТ АТ-ТҮРК»

***Аннотация**: Бул макалада орто түрк жазма эстеликтеринин бири болгон, азыркы түрк тилдеринин көөнөргүс байлыгы болгон Махмуд Кашгаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегиндеги айрым сөздөрдүн фоно-морфологиялык, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү жана чыгыш теги каралат. Ал сөздөрдү аныктоо үчүн салыштырма жана тарыхый-салыштырма ыкма колдонулду. Илюстративдик материал катары көркөм чыгармалардын, фольклорлордун жана макал-лакаптардын материалдары пайдаланылды.*

***Түйүндүү сөздөр:** лексика-семантика, фоно-морфология, этимология, сөз жасоочу мүчөлөр, байыркы түрк тили, салыштырма - тарыхый анализ.*

***Аннотация:** В данной статье определяются лексико-семантические, фоно-морфологические особенности, этимология слов одного из письменных памятников среднетюркской эпохи, наследия современного тюркского народа «Диван лугат ат-тюрк» Махмуда Кашгари. Анализ слов построен на основе сопоставительного и сравнительно-исторического метода. В качестве иллюстративных материалов использованы фрагменты из литературных и фольклорных произведений, а также пословицы и поговорки.*

***Ключевые слова:** лексика-семантика, фоно-морфология, этимология, словообразовательные аффиксы, древнетюркский язык, сравнительно исторический анализ.*

***Abstract:** In this article determined by the lexical-semantic, phono-morphological characteristics, the etymology of the words of one of written records of modern Turkic people «Divan lugat at-tyurk» Mahmud Kashgar. The analysis is based on benchmarking and comparative-historical materials used excerpts from literary and cultural works, as well as proverbs and sayings.*

***Keywords:** semantic, phono-morphology, etimology, preformative affixes, old Turkic language, comporative– historical analysis.*

Түрк тилдүү элдердин тилин, ошол тилде сүйлөгөн элдердин тарыхы менен байланыштуу изилдөө түркологиядагы негизги маселелерден болуп саналат. Бул маселени чечүүдө түрк тилдеринин салыштырма-тарыхый грамматикасы менен салыштырма-тарыхый сөздүгүнүн материалдарынын чоң мааниси бар.

Түрк тилдерин изилдөөнүн тарыхында байыркы мезгилден бери салыштырма-тарыхый ыкма да, жөнөкөй салыштырма-тарыхый ыкма да колдонулуп келген. Мына ошондой эмгектерге XI кылымда жазылган Махмуд Кашкаринин "Дивану лугат ат-түрк" эмгеги кирет.

"Диванда" камтылган 8000ге жакын сөздөрдүн азыркы түрк тилдерине болгон катыштыгы маселеси көптөгөн түркологдорду түйшөлтүп келген. Бул маселе боюнча кыргыз тилчилеринин да көңүл чордонунда болуп, азыркы тапта көптөгөн илимий макалалар жана илимий эмгектер жарык көрө баштады. Мындай илимий иштердин жыйынтыктары кыргыз тили илими үчүн да, өзгөчө кыргыз тилинин тарыхы үчүн мааниси зор.

Ушул маселелерди эске алуу менен, илимий макалабызда кыргыз тилине салыштырмалуу "Диваңдагы" айрым архаизмдешип кеткен сөздөрдүн чыгыш тегине жана лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурмакчыбыз.

**Йаби** –көрпөчө. Чыгыл тилинде [МК, ТТС, III, 39]. Кыргыз тилинде бир нерсени көрсөтпөө үчүн же ысыктан сууктан сактоо үчүн жаан –чачын тийбес үчүн же коздук үчүн үстүн жаап коюуга арналган буюм, жапкыч: *жүк жабуу, түндүк жабуу, ат жабуу* (үртүк) деген түшүнүктөгү сөз айкаштарында кездешет. Түрк тилдериндеги материалдарга карасак, өзбек тилинде *епик, от епиги, жүн йабуу, бахмал, баркыт йабу*

болуп айтылат. Казак тилинде болсо кыргыз тилиндегидей *ат жабуу* формасында айтылат. Түркмөн тилинде болсо *хеже* жана *йабу* болуп эки түрдө колдонушат. Аталган сөздүн-*жап* уңгусу кыргыз тилинде 1. ”Каалганы, дарбазаны жана жалпы эле ачылып жабыла турган нерселерди жабык абалга келтирүү, ачык абалда калтырбай бекитүү”: *Айсулуу кайра келди, үйүн ачты, кирген соң үй эшигин кайра жапты* (Үмөталиев), 2. Кандайдыр бир нерселердин үстүнө каптай салуу, чүмкөө, каптоо”: *Камыш жапкан жаңы салган үйлөр бар* (Аалы). *Жабуу жапса жарашып, жаркыраган торпогум* (Тоголок Молдо). *Бак башын бубак жапкан самсааланып* (Бөкөнбаев), “Сый көрсөтүү, урматтоо иретинде чапан, кийим кийгизүү”: *Жолдошуң сайын бир-бирден күрөөкө соот жабайын* (“Манас”). 3. “Сүйлөө, сүртүү, шыбоо”: *Бутун жууп тазалап, кара дары жапты эми* (“Эр Табылды”), “Бир нерсенин бетине жабыштыруу, чаптоо (көбүнчө нан бышыруу, казанга, дандырга жабыштыруу) ”: *Ашык толдуу план деп, Апаппак нан жабалык* (Нуркамал). 4. “Жая берүү, каптай берүү, жайпай берүү, жайпай төгүлүү, каптай төгүлүү (көбүнчө суюктуктун куюлушу же төгүлүшүнө карата) ”: *Орто жерге келгенде суу аттын жалын жаба берди* (“Жаш Ленинчи”). 5. “Кандайдыр бир башталган ишти аяктоо, токтотуу”: *Директор акыркы сөзүн сүйлөп, жыйналышты жапты. Бакалчылар майда- чайда буюмдарын жыйнап дүкөндөрүн жапты* (Жантөшев). 6. “Жашыруу, билгизбөөгө аракет кылуу, чыгарбоо” *Бир жамандыгын миңдин жакшылыгы жабат* (“Жаш Ленинчи”); *Акыйкаттан көрсөтүү, Айбын жаппай жашырып* (“Жазгыч акындар”). 7. “Ордун толтуруу, кемчил же жетишпеген жагын толуктоо, ордун бастыруу”: Чыгымдалган каражаттарын түшкөн пайданын эсебинен ***жапты*** сыяктуу маанилерге ээ [КТТС,1969, 306].

Байыркы түрк тилдеринде ***йап*** 1. строитъ, делатъ: ***Еч там йапты***- мужчина возвел стену*;* ***йап*** 2. покрыватъ: ***Сү келди йер йапа гарар чар***- пришло войско, (лошади) роют снег, покрывая землю (снежной пылъю) жана “закрыватъ” ***Ерйгапуг йапты***- мужчина закрыл дверъ*;* ***Йап*** 3. прикладыватъ, приклеиватъ- ***ичлар өтмөк йапты***- женшина прилепила лепешку (к стенке тандыра) болуп кездешип, кыргыз тилинде маанилери сакталып калган. Ал эми башындагы тыбыштардын алмашып айтуусу боюнча Махмут Кашгари “Сөздөрдөгү айырмачылыктар бир нече тамгалардын ордуна башка тамгалар алмашып келишип, же болбосо кээ бир тамгалардын түшүп калышынан болот”. Мис. Огуздар менен кыпчактар менен “***йа***” тамгасы “алиф” тамгасына же “***жийм***” тамгасына алмаштырып айтышат”. Ошентип түрктөр “***йылыг сув***” десе алар болсо “***ылыг сув***” дешет-деп белгилейт [МК, ТТС, 1, 92]. Байыркы түрк тилинде сөз башындагы *ж* тыбышынын *й* тыбышына алмашкан сөздөр кеңири кездешет: ***йазым*** (жазым), ***йүгүн***(жүгөн), ***йап***(жап), ***йаптыг*** (жаптык), ***йугуркан*** (жууркан), ***йаыч***(жаа+уч), ***йанлык*** (жандык), ***йулор***(жолдор), ***йип*** “жип” ж.б. Жогоруда кеп кылынгандай, *жабуу* десек боз үйдүн жабуусун, атка тиешелүү жабууну элестетебиз. Ал эми түшүндүрмөсүндөгү *көрпөчө* сөзү кыргыз тилинде төмөнкүдөй эки мааниде колдонулат: 1. “Алдыга салынуучу ичке төшөк” жана 2. “Ээрдин үстүнө салып, басмайыл менен тартылуучу кичине төшөк”. Сөздүн уңгусу *көрпө* болуп, кыргыз тилинде “козунун, улактын тармал жүндүү териси” маанисинде да колдонулат. Ушундай көрпөчөнүн баштапкысы козу, улактын жүндүү терисинен жасалып, кийин ичине жүн, кебез салынган ар кандай кездемеден тышталган жерге салынуучу төшөктөр аталып калган. Көбүнчө тилибизде *төр көрпө// төр көрпөчө* же *жер көрпө// жер көрпөчө* болуп айтылат. Мындай *жууркан-төшөк* маанисине өтүшүн түндүк диалектиде кездештирүүгө болот: *Дарбаза ачылган кезде көрпө- төшөктөрдүн, кийиз- кийимдердин жайылуу турганы көрүнду* (Абдукаимов) [КТТС,1984, 577].

***Кува*** – жүгөндүн аттын таноосуна кадалган кайыш бөлүкчөсү [МК,ТТС,III,361]. Байыркы түрк тилдеринде жогорудагы ***кува*** сөзүнүн ***куу // ку*** уңгусу көпчүлүк учурда териден жасалган буюм-тайымдарда кеңири кездешет. Бул уңгунун баштапкы мааниси өңдүк мааниде болушу ыктымал. Маселен, *кумуш* сөзү башка түрк тилдеринин көпчүлүгүндө *кумуш* турпатында кездешет. Ушул сыяктуу орус эле тилиндеги *кумушту* туюндурган *серебро* сөзү өңүнө карата *серый* сөзүнөн жасалгандыгы көрүнүп турат. Кыргыз тилинде *куу* сөзү “Ак, агыш (кээ бир айбандардын же сакалдын, чачтын ж.б. түсү жөнүндө) ” деген маанини берет. Мисалы*: Куу тайган. Куу инген. Куу мурут. Куу сакал* ж.б. Ошондой эле *куу* болуп өрдөк тукумуна кирүүчү көбүнчө ак түстөгү мойну узун жана кооз келген, сууда жашоочу келгин куш да аталат. Ушундан улам өсүмдүк болобу, башка нерсе болобу айтор, суусу жок кургап калган нерсенин өңдүк баары эле жагдайына карап, *куу* (кууураган, кургак, нымсыз Мис. *Куу карагай, Куу отун ж.б.*) болуп кездешкенин байкайбыз. Мисалы ушул *куу* сөзүнүн ушул мааниде–*ыр* мүчөсүнүн уланышы менен сын атоочтук маанини берет *куур* (Эскирген, каткан, кууураган (көбүнчө териден жасалган кийим жөнүндө). М.*: Куур тон, Куур шым* [КТТС,1969, 367]. Ошондой эле этиштик мааниге өткөн *куур* сөзү казанга, табакка ж.б. азыраак май салып, бирок суу куйбай картошканы, этти, балыкты ж.б. ысык өткөрүү, кызытуу аркылуу бышыруу; эгинди талкан кылышка, жөн жешке ж.б. даярдоо үчүн куру казанга от менен какшытуу, кызытуу маанисинде колдонулат. Ушундан куурдак (“Майга куурулган эт”) сөзү пайда болгон. *Куу* сөзү семантикалык өзгөрүш-жылышка учурап, сындык мааниден “катуу” маанисине өткөндө, ал өнүмдүү уңгу катары: *куура* “Солуп жана катып калуу” (өтмө маанисинде “Кыйналуу, кысталуу, кордук көрүү. Мис. *Бай-манаптын тушунда айдалып жүрүп куурадым* (Токтогул), *Куураган (куу+ра+ган)* “Өспөй калган өсүмдүк”; *куурай (>куу+р+ай)* “Жетилгенде, кууурaганда сөңгөгү катуу болуп калуучу жана көбүнчө отун катарында колдонулуучу өсүмдүктүн жалпы аты”; *куургуч (>куу+р+гыч)*, “Эгин ж.б. кууруш үчүн колдонулуучу башына тоголоктоп кийиз байлаган таякча”; *куурдак (>куу+р+дак)* “Майга куурулган эт”; *куурма//куурма чай* “унду майга кууруп, ага сүт, суу, суу жана кайнатылган чай кошуп даярдалган суюк тамак”; *куурмач* “Куурулган дан, майга куурулуп тамакка кошулган катык (эт, пияз ж.б.) ” ж.б. сөздөрдүн курамында кездешет. Ушул ушундан иштетилген тери, андан жасалган буюм-тайымдар да аталган. Маселен, *куурчак (>куу+р+чак):* “Адамга көбүнчө балага окшоштурулуп жасалган буюмдардын оюнчугу”. Куурчактын баштапкысы териден жасалгандыгы анык болду. Мындан тышкары, *кур* “Булгаарыдан, кайыштан жана сызма сыяктуу башка материалдардан, узун жазы белди бууш, байлаш үчүн жасалган буюм, белге курчала турган нер-

се", *куур (>куу+ыр)* "Эскирген, каткан, куудураган тон, шым" сөздөрүнүн өзөгүн *куу* сөзү түзөт. Ошондой эле *курактын (>куу+р+ык)* баштапкы мааниси теринин кесиндилерин бириктирип жасалган буюмду туюндурган болсо, азыркы мезгилде ар кандай кездеменин өөн, кесинди, кыйыктар жана алардын бириктирилген үй буюму маанисинде колдонулат. *Куржун (куу+р+жын)* (арта салынып жүрүүгө ылайыкталып жасалган ортосу бириктирилген эки көздүү баштык) да баштапкысы териден жасалгандыгы белгилүү. *Куртка (>куу+р+т+-ка)* "Көйнөктүн сыртынан кийүүчү эркектердин кыска кийими" Махмуд Кашгариде этиштик мааниде ***йа курдук*** – ал жаа тартты [МК,ТТС,|I,103] болуп кездешет. Бул жерде териден ичке тилинип алынган жаанын жиби болушу толук ыктымал. Ошондой эле "Диванда" өнүмдүү уңгу катары көптөгөн сөздөр да кездешет: *кува (куу(в)+а)-* жүгөндүн аттын таноосуна кадалган кайыш бөлүкчөсү [МК,ТТС,|II,361], *кук (куу+ык)* – басмайыл. Мис. ***азар кукленди-*** басмайыл тартылды. ***–ленди*** мүчөсү улануу менен этиштик мааниге өткөн. Ушул сыяктуу *боолонду* сөзү жасалат (***боо>баг*** "боо"). ***Курдук*** сөзү ***–лык*** мүчөсүнүн улануусу менен этиштик мааниге өткөн, ***кугуш (куу+гыш)*** жаныбарлардын ийленген, же ийленбеген териси [МК,ТТС,|,643]. Бул сөз теринин өңүнө карата *куу* болуп баштапкы маанисин берет. ***Кугуш (куу+г+ыш)*** – жаанын огун түздөөчү курал [МК,ТТС,|,643], мындан биз окту түзөөчү курал териден жасалгандыктан, ушундайча аталышы ыктымал деген пикирге келсек болот. Ошондой эле бут кийим маанисинде "***ол кугышкы йаглатты***" - Ал бут кийимин ж.б. майлады [МК,ТТС,I|,571], бул жерде да бут кийим териден жасалгандыктан *кугуш* аталышы мүмкүн. ***Курмаан (куу+р+маан)*** – саадак. Өгүз, кыпчак тилдеринде төмөнкүчө айтышат: "***Киши курмаан*** – кын (зоот) менен саадак. Бул жерде *куу* сын атоочунан жаралган ***кур*** сөзү ***курман*** сөзүнүн негизги составдык бөлүгү болуп эсептелет. ***Курман (куу+р+ман)*** – кын (кылычтын кыны, бычактын кыны) [МК,ТТС,|,767] (Териден жасалган кын десек жаңылышпайбыз). ***Ич кур(куу+ыр)*** – белге таккан кур, белдемчи [МК,ТТС,|,573]. ***Куршаг (кур+-шаг)*** - кур, белдемчи [МК,ТТС,|,801]. ***Куршаг-*** чатыр, боз үйдүн ортосунан айландырып байлачуу жүндүү аркан, аны дагы "***ев куршагы***"- үйдүн белдемчиси деп коюшат [МК,ТТС,|,801]. Бул сөздүн алгачкысы териден тасма кылынып, боз үйдүн ортосунан байлангандыктан, ***куршаг*** болуп аталып, кийинчерээк жүндүү аркан маанисине ээ болгон, ***куб (-куу+ыб)*** кумура [МК,ТТС,|,287]. Жогорудагы мисалдарды келтирүү менен сын атоочтук мааниден заттык мааниге өткөндүгүн көрүүгө болот. Ал эми байыркы мезгилде *кайыш* менен *кур* синонимдик негизде колдонулган.

**Жыйынтыгында, жогорудагы сөздөр азыркы кыргыз тилинде архаизм аталган болсо, ал сөздөрдүн уңгулары азыркы тилибизде активдүү колдонулары анык.**

***Адабияттар***


1. *Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.– Ф.: Мектеп,1969.– 778 б.*
2. *Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү: - Ф.: Мектеп, 1984.– 624 б.*
3. *Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. 1-т. [текст]/Махмуд*
4. *Кашгари /Кыргыз тилине котор.:Т. Токоев,К.Кошмоков.– Бишкек,2011-906 б.*
5. *Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү.2-т. [текст]/Махмуд Кашгари / Кыргыз тилине котор.: Т. Токоев,К. Кошмоков.– Бишкек,2012.– 591б.*
6. *Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү. 3-т. [текст]/Махмуд Кашгари /Кыргыз тилине котор.: Т. Токоев, К. Кошмоков.– Б., 2013.– 678 б.*
7. *Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү [текст] / К. Сейдакматов.– Ф.: Илим,1988.– 332 б.*